“ БЕКИТИЛДИ”
«Кыргызалтын» ААКтын
директорлор Кеңешинин
2026-жылдын “06” - ноябрындагы
жыйынынын № 45 протоколу
менен.

“Терек-Сай калдык сактоочу жайды” иштетүү (кайра иштетүү) боюнча Жөнөкөй шериктештикти түзүү аркылуу биргелешкен ишмердүүлүктү жүргүзүү үчүн конкурсту өткөрүүнүн

ШАРТТАРЫ

«Кыргызалтын» ААК менен Терек-Сай калдыктарды сактоочу жайдын (№1, №2, №3 калдык жайлар) иштетүүчү (кайра иштетүү) Жөнөкөй шериктештиктин катышуучусун аныктоо боюнча конкурс (мындан ары – калдыктарды сактоочу жайды кайра иштетүү) «Кыргызалтын» ААКтын Башкармасынын 2026-жылдын «27» октябрындагы № 37 чечиминин жана директорлор Кеңешинин 2026-жылдын «06» ноябрындагы №45 отурумунун протоколунун негизинде өткөрүлөт. Терексай калдыктарды сактоочу жайды иштетүү (кайра иштетүү) боюнча биргелешкен иш-аракеттер жөнүндө макулдашууга (Жөнөкөй шериктештик келишимине) кол коюу үчүн сынактын шарттары (мындан ары - Шарттар) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 23-августундагы № 472 токтому менен бекитилген, мамлекеттик ишканалар жана уставдык капиталында мамлекеттин үлүшү кеминде үчтөн эки бөлүгүн түзгөн чарбакер субъекттер тарабынан инвесторлор менен биргелешкен иш-аракеттерди жүргүзүү жөнүндө жобого ылайык иштелип чыккан. Конкурстун жеңүүчүсүнө Терек-Сай калдыктарды сактоочу жайларды иштетүү (кайра иштетүү) боюнча биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө макулдашууга (Жөнөкөй шериктештик келишимине) кол коюу аркылуу «Кыргызалтын» ААК менен Жөнөкөй шериктештикке катышуу укугу берилет.

Конкурс Бишкек шаарында 2026-жылдын “07” - декабрында саат 10:00 (жергиликтүү убакыт боюнча) төмөнкү дарек боюнча өткөрүлөт: Бишкек ш., Абдумомунов көч., 195.

Конкурска катышуу үчүн жыйымды төлөгөндөн кийин бардык кызыкдар тараптарга «Кыргызалтын» ААКтын кеңсесинен Терек-Сай калдык сактоочу жайлар боюнча кыскача геологиялык жана башка маалыматтар менен таанышууга мүмкүнчүлүк берилет. Конкурстун катышуучуларынын

табыштамалары жана ага тиркелген документтер Бишкек ш., Абдымомунов көч., 195. дарегиндеги «Кыргызалтын» ААКтын жалпы бөлүмүндө/кеңсесинде 2026-жылдын “06”- декабрында Бишкек убактысы боюнча саат 17:00гө чейин кабыл алынат. Конкурстук табыштамаларды почта аркылуу жиберүүгө жол берилбейт.

Конкурстук табыштаманын кепилдигинин (мындан ары – КТК) өлчөмү 1 000 000 (бир миллион) сомду түзөт.

Арыз ээси, конкурстун катышуучуларынын конверттери ачылганга чейин конкурс уюштуруучунун эсептик счетуна КТКны толук көлөмдө (100%) которууга тийиш.

Терек-Сай калдык сактоочу жай жөнүндө жалпы маалымат

Терек-Сай калдык сактоочу жайлардын лицензиялык участоктору Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Чаткал районунда жайгашкан.

Объекттен Ош шаарына чейинки аралык 360 км, Жалал-Абад шаарына чейин 280 км жана Бишкекке чейин 650 км. Эң жакын Таш-Көмүр темир жол станциясы объекттен жана лицензиялык участоктордон 150 км алыстыкта жайгашкан; бул трассанын 50 км кесиндиси шагылдуу жолду түзөт, калган трасса асфальтталган жол.

Жергиликтүү жердин бийиктиги деңиз деңгээлинен 1600дөн 3400 мге чейинки бийик деңгээлде жайгашкан.

Эң жакын калктуу конуш - Терек-Сай айылы (тоо казып алуу ишканасынын базасы). Экономикалык көз караштан алганда, лицензиялык аянттар жана келечектеги долбоордун участоктору жайгашкан район салыштырмалуу жакшы өнүккөн.

Суу менен камсыздоонун негизги булактары болуп Терек-Сай жана Касансай дарыялары саналат. Учурда бул жерде Тереккан, Терек жана Перевальное алтын кендерин иштеткен «Эти Бакыр Терексай» ЖЧКсы жана «Full Gold» ЖЧКсы Иштамберды алтын кенин иштеткен тоо-кен казып алуучу компаниялар бар.

Терек сурьма-алтын кени 1940-жылы ачылган. 1946-жылдан 1955-жылга чейин Терек кенинде Терек геологиялык чалгындоо партиясы иштеген. 1956-жылы Терек-Сай байытуу фабрикасы ишке киргизилген. Технологиялык калдыктар үч калдык сактоочу жайга жайгаштырылган. Кен техногендик, куюлма, тоо тек тибине кирет жана түзүлүшүнүн татаалдыгы боюнча 3- топко кирет. Эсептөө блокторунун категориялары «Алтын рудалуу кендердин запастарын классификациялоону колдонуу боюнча нускамага» ылайык, С1

категориясы боюнча аныкталган жана алардын ортосундагы аралык 20-80 м туруксуз болгон тигинен көзөлгөн скважиналар менен чалгындалган. КРнын Мамлекеттик балансында (2017-жылдын 08.12.дагы №1213 ГКЗ протоколу) «Кыргызалтын» ААК үчүн Терек-Сай жана Тереккан кендеринин рудаларын байытуунун курамында алтын-күмүш бар материалдын төмөнкү көлөмдөрү бекитилген жана эсепке алынган: С1 категориясы боюнча орточо курамында Au 0,94 г/т., жана Ag – 2,46 г/т болгон 3,153 млн. тонна руда. Алтындын запасы – 2 959,1 кг, күмүштүн – 7 744,5 кг, анын ичинде № 3 калдык сактоочу жай боюнча С1 категориясы боюнча саны: руда – 1791 миң тонна, алтын – 2 025,2 кг, күмүш – 2 179,3 кг, алтындын орточо курамы 1,13 г/т жана күмүштүн – 1,22 г/т.

№ 3 калдык сактоочу жайында Терек кенинин Түштүк участкасын иштетүүнүн натыйжасында металлдын орточо курамы 1,33 г/т жана 531,5 кг алтынды камтыган 398 247 тонна технокалдык кошумча үйүлүп сакталган.

Руданын жана металлдардын запастарынын жалпы таблицасы

№ Калдык сактоочу жайдын номери	Запасы руды, т	Орточо курамы		Металлдын запасы	
		Au,г/т	Ag,г/т	Au,кг	Ag,кг
Калдык сактоочу жай 1 Блок 1С1	140 394	0,6	4,87	83,7	683,8
Калдык сактоочу жай 2 Блок 2С1	1 221 575	0,7	4,00	850,1	4881,4
Калдык сактоочу жай 3 Блок 3С1	1 791 038	1,13	1,22	2025,2	2179,3
Бардыгы	3 153 007	0,94	2,46	2959,1	7744,5

«Кыргызалтын» ААКтын биргелешкен ишмердүүлүккө кошкон салымы болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1.а. Төмөнкү бурчтук чекиттери менен тик бурчтуу координаттар системасындагы №1 калдык сактоочу жайды иштетүү (кайра иштетүү)

максатында жер казынасын пайдаланууга болгон 2018-жылдын 22-мартындагы № 5887 АЕ лицензиясы:

№Чекиттер	X	У	№ Чекиттер	X	У
1	12679179	4600530	5	12679255	4600500
2	12679200	4600440	6	12679200	4600620
3	12679225	4600400	7	12679150	4600600
4	12679255	4600405			

Аянтынын өлчөмү – 1,21 га;

1.б. Төмөнкү бурчтук чекиттери менен тик бурчтуу координаттар системасындагы №2 калдык сактоочу жайды иштетүү (кайра иштетүү) максатында жер казынасын пайдаланууга болгон 2018-жылдын 22-мартындагы № 5888 АЕ лицензиясы:

Чекиттер № №5888	X	У	Чекиттер №	X	У
1	12678775	4600404	6	12678967	4600589
2	12678620	4600521	7	12679054	4600608
3	12678630	4600566	8	12679099	4600389
4	12678670	4600616	9	12678962	4600475
5	12678844	4600656			

Аянтынын өлчөмү - 7,8 га;

1.в. Төмөнкү бурчтук чекиттери менен тик бурчтуу координаттар системасындагы №3 калдык сактоочу жайни иштетүү (кайра иштетүү) максатында жер казынасын пайдаланууга болгон 2018-жылдын 22-мартындагы № 5889 АЕ лицензиясы:

Чекиттер №	X	У	Чекиттер №	X	У
1	12678212	4599436	5	12678563	4599938
2	12678130	4599507	6	12678561	4599660
3	12678115	4599643	7	12678332	4599590
4	12678336	4599914			

Аянтынын өлчөмү - 12,8 га.

«Дэпэндэбл Компани» Жоопкерчилиги чектелген коомунун көз карандысыз баалоочу компаниясынын 2026-жылдын 29-майындагы отчетуна ылайык, Терек-Сай калдык сактоочу жайды иштетүү (кайра иштетүү) максатында жер казынасын пайдаланууга болгон «Кыргызалтын» ААКтын салымынын жалпы суммасы **2 104 734 300 (эки миллиард бир жүз төрт милллион жети жүз отуз төрт миң үч жүз) сомду түзөт**.

Жөнөкөй шериктикке КРнын ЗМКнын 2017-жылдын 8-декабрындагы №1213 протоколуна ылайык, алтындын запасы болжол менен 2,959 тоннаны, күмүштүн запасы 7,744 тоннаны түзгөн калдык сактоочу жайды иштетүү (кайра иштетүү) укугу берилет.

1. Жалпы жоболор

1.1. Жөнөкөй шериктештикке катышуу үчүн эң пайдалуу шарттарды сунуштаган Жеңүүчүнү аныктоо максатында конкурс өткөрүлөт.

Конкурска Терек-Сай калдык сактоочу жайды иштетүү (кайра иштетүү) боюнча «Кыргызалтын» ААК менен биргелешкен ишмердүүлүккө катышуу укугу коюлат. Жөнөкөй шериктештиктеги үлүштүн өлчөмү жана катышуу тартиби ушул Шарттардын 4.5. – 4.6. пункттарына, Конкурстун жеңүүчүсүнүн Конкурстук өтүнмөсүнүн шарттарына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталат.

Конкурстун Жеңүүчүсүнүн милдеттенмелери жана биргелешкен иш-аракеттерге катышуу шарттары ушул Шарттарга ылайык аныкталат, ошондой эле ушул Шарттардын 4.7-пунктунун жоболорун кошпогондо, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Тараптардын Макулдашуусу менен толукталышы/өзгөрүлүшү мүмкүн.

1.2. Конкурсту өткөрүү жөнүндө кулактандыруу конкурстук сунуштарды берүү мөөнөтү аяктаганга чейин 30 (отуз) календардык күндөн кем эмес мурда «Кыргызалтын» ААКтын расмий сайтына жайгаштырылат.

1.3. Табыштамалар катышуучулар тарабынан Конкурстун расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде Бишкек шаарынын Т.Абдумомунов көчөсүнүн 195 дареги боюнча «Кыргызалтын» ААКтын жалпы бөлүмүнө чапталган конвертте (пакетте) берилиши керек.

1.4. Конкурска катышууга арыз ушул Шарттардын №3 формасы боюнча берилет жана Конкурска катышуу үчүн жыйым төлөнгөндөн кийин «Кыргызалтын» ААКтын жалпы бөлүмүндө катталат. Конкурска катышуу үчүн жыйымды төлөө ушул Шарттардын 6.2-пунктуна ылайык жүргүзүлөт.

1.5. Уюштуруучу арызды каттоодон өткөргөндөн жана Конкурска

катышуу үчүн жыйымды төлөгөндөн кийин Конкурстун ар бир Катышуучусуна «Кыргызалтын» ААКтын Терек-Сай калдык сактоочу жайы боюнча кыскача маалымат пакетин берет.

2. Конкурсту өткөрүү шарттарында колдонулган түшүнүктөр жана кыскартуулар

Лицензиялык участоктор - Терек-Сай калдык сактоочу жайдын и (№1 калдык сактоочу жай, №2 калдык сактоочу жай жана №3 калдык сактоочу жай). Конкурстун уюштуруучусу – «Кыргызалтын» ААК. Катышуучу - конкурстук табыштаманы берген юридикалык жак.

Конкурстук комиссия - конкурстук өтүнмөлөрдү кароо жана Конкурстун Жеңүүчүсү жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн түзүлгөн коллегиалдуу орган.

Конкурстук табыштама - ушул Шарттардын талаптарына ылайык Катышуучу тарабынан Конкурска берилген документтердин комплекти.

Конкурстун жеңүүчүсү - конкурстук сунушу ушул шарттарга ылайык конкурстук комиссия тарабынан эң мыкты деп таанылган жана конкурстук комиссиянын протоколунда тарижделген Катышуучу.

Кыскача геологиялык жана башка маалыматтардын топтому - Конкурстун Катышуучуларына берилүүчү геологиялык, финансылык жана башка маалыматтар. Биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө макулдашуу

(Жөнөкөй шериктештик келишими) - «Кыргызалтын» ААК менен Конкурстун жеңүүчүсүнүн ортосундагы ушул Шарттардын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Жеңүүчүнүн конкурстук табыштамасынын жана ушул Шарттарынын негизинде түзүлгөн макулдашуу.

ЗМК- Кыргыз Республикасынын пайдалуу кендердин запастары боюнча мамлекеттик комиссиясы.

КТК - Конкурстук табыштаманын кепилдиги.

ТЭЭ - техникалык-экономикалык эсептөөлөр.

Шарттар - калдык сактоочу жайдын кайра иштетүү боюнча «Кыргызалтын» ААКтын биргелешкен ишмердүүлүгүнүн катышуучусун аныктоо боюнча конкурсту өткөрүү шарттары.

АЗФ - «Кыргызалтын» ААКтын Филиалынын аффинаждоочу заводу.

АЫФ – алтын ылгоочу фабрика.

Калдык сактоочу жайды иштетүү (кайра иштетүү) боюнча иштердин башталышы – капсула салуу менен АЫФтын курулушунун башталышы.

3. Конкурстун катышуучуларына жана конкурстун катышуучулары тарабынан берилүүчү документтерге карата негизги талаптар

3.1. Конкурска төмөнкү юридикалык жактар катышууга жол берилет:

- Кыргыз Республикасында жана башка мамлекеттерде катталган;

- Терс, жаманатты кылуучу жана жаман маалыматтар, ошондой эле "Кыргызалтын" ААК менен иш тажрыйбасы терс болбошу керек.

3.2. Конкурстун Катышуучуларына карата негизги талаптар:

3.2.1. Катышуучунун (жана/же анын уюштуруучуларынын/башкы компаниясынын) тоо-кен казып алуу тармагындагы өнөр жай, экологиялык коопсуздукту, жер казынасын коргоону жана пайдалуу кендерди сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу боюнча көрүлө турган комплекстүү чаралар боюнча иш тажрыйбасы тууралуу маалыматты жана документтерди көрсөтүү, өткөрүлгөн иш-чаралар, аткарылган иштердин же кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү жөнүндө маалыматтарды тиркөө менен;

3.2.2. Документ түрүндө тастыкталган долбоорду өздүк каражаттардын эсебинен каржылоонун болжолдонгон түзүмү жөнүндө маалыматтарды берүү. Тастыктоочу документтер катары төмөнкүлөр кабыл алынат: -Катышуучуга жана/же анын бенефициарына тейлөө көрсөткөн кредиттик уюм тарабынан берилген, акча каражаттарынын жетиштүү калдыгынын бар экендигин күбөлөндүрүүчү, учурдагы финансылык жыл үчүн банктык документтердин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

- Катышуучунун төлөөгө жөндөмдүүлүгүн тастыктаган, колдонулуучу Финансылык отчеттуулуктун Эл аралык стандарттарына ылайык түзүлгөн финансылык отчеттуулук;

- салыктык милдеттенмелер жана милдеттүү камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карызы жок экендигин тастыктаган Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген документ. Карызы жок экендигин тастыктаган документти берүү жөнүндө көрсөтүлгөн талап чет өлкөлүк юридикалык жактарга жайылтылбайт.

3.2.3. Техникалык мүмкүнчүлүктөр, зарыл болгон жабдуулардын, квалификациялуу кадрлардын, лицензиялардын болушу (эгерде ишмердик лицензияланууга жатса);

3.2.4. Конкурстун Катышуучулары Лицензиялык участокторду иштетүү (кайра иштетүү) программасы боюнча алдын ала сунуштарды камтыган төмөнкү документтерди беришет:

- капиталдык салымдарга, эксплуатациялык чыгымдарга жана долбоордун рентабелдүүлүгүнө карата техникалык-экономикалык эсептөөлөр;

- Калдык сактоочу жайды кайра иштетүүдөн чыккан пайдалуу кендерди алуу технологиясы;
- өндүрүштүк комплексти иштетүүнүн жана пайдаланууга берүүнүн мөөнөттөрү;
- өндүрүштүк комплексти иштетүү жана пайдаланууга берүү мөөнөттөрү;
- өнөр жай, экологиялык коопсуздукту, жер казынасын коргоону жана пайдалуу казып алууларды рационалдуу пайдаланууну камсыз кылуу боюнча чаралардын комплекси боюнча сунуш;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен социалдык пакеттин шарттары;
- калдык сактоочу жайларды иштетүүдө (экинчи жолу иштетүүдө) заманбап технологияларды колдонуу;
- лицензиялык аянттарды калыбына келтирүү (рекультивациялоо) боюнча иш-чаралар.

3.3. Конкурстун Катышуучулары ушул Шарттардын № 3 формасы боюнча Конкурска катышууга арыз беришет, конкурска катышуу үчүн жыйымды төлөгөндүгүн тастыктаган документти беришет жана «Кыргызалтын» ААКтын Терек-Сай калдык сактоочу жайы боюнча кыскача жана башка маалыматтардын топтомун алышат.

3.4. Кийин Катышуучулар төмөнкү документтерди 2 (эки) нускада, бирок кандай болгон күндө да берүү мөөнөтү аяктаганга чейин беришет:

3.4.1. Ушул Шарттардын № 2 формасы боюнча конкурстун катышуучуларынын ээси жана/же бенефициары болуп саналган жактарды так ачып көрсөтүүчү маалыматтар жана документтер;

3.4.2. КТК төлөнгөндүгүн тастыктаган документ;

3.4.3. Юридикалык жактын жетекчисинин же юридикалык жактын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн ыйгарым укуктарын тастыктаган документтер;

3.5. Кыргыз Республикасында катталган (кайра катталган) юридикалык жактар үчүн – белгиленген тартиптеги мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөлөрү, мөөр менен күбөлөндүрүлгөн уставдын жана уюштуруу келишиминин көчүрмөлөрү;

3.6. Чет өлкөлүк юридикалык жактар үчүн - белгиленген тартиптеги уюштуруу документтеринин жана каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөлөрү жана/же мамлекеттик реестрден мыйзамдаштырылган (эгерде колдонулса) көчүрмө же ал уюшулган өлкөнүн мыйзамдары боюнча иштеп жаткан юридикалык жак экендигин тастыктаган башка документ. Чет өлкөлүк юридикалык жактар тарабынан чет тилде берилген уюштуруу документтери жана каттоо жөнүндө күбөлүк белгиленген тартипте мамлекеттик же расмий тилге нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу менен берилиши

керек. Юридикалык жак өз өлкөсүнүн мыйзамдары боюнча иштеп жаткандыгын тастыктаган мамлекеттик реестрден берилген көчүрмөнүн же башка документтин колдонуу мөөнөтү көрсөтүлгөн документтер берилген күндөн тартып 6 (алты) айдан ашпоого тийиш;

3.7. Ушул Шарттардын 5.1-пунктунун талаптарына ылайык конкурстук табыштаманын документтери;

3.8. Конкурстун Катышуучусунун квалификациясынын деңгээли жана башка мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө күбөлөндүрүүчү ар кандай кошумча маалымат жана документтер.

Эскертүү. Документтерди мыйзамдаштыруу талап кылынбайт:

- 1961-жылдын 5-октябрындагы чет өлкөлүк расмий документтерди легалдаштыруу талабын жокко чыгарган Конвенцияга (Гаага Конвенциясы) катышкан өлкөлөрдөн келген катышуучулар үчүн, Кыргыз Республикасынын Гаага Конвенциясына кошулушуна каршы пикирин билдирген катышуучу өлкөлөрдү кошпогондо;
- 2002-жылдын 7-октябрындагы Жарандык, үй-бүлөлүк жана кылмыш иштери боюнча укуктук жардам жана укуктук мамилелер жөнүндө конвенцияга (Кишинев Конвенциясы) катышкан өлкөлөрдөн келген катышуучулар үчүн.

3.9. Документтер көктөлүп, бөлгүчтөр менен бөлүнгөн жана номерленген болууга тийиш. Документтер мамлекеттик же расмий тилдерде берилет. Документтер чет тилдерде берилген учурда аларга мамлекеттик же расмий тилге нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормолору тиркелүүгө тийиш.

3.10. Конкурстун Катышуучусу конкурстук өтүнмөнү мөөр басылган конвертке (пакетке) салып бериши керек. Конвертте (пакетте) төмөнкүлөр көрсөтүлүшү керек:

- Анын дарегин көрсөтүү менен Конкурстун Уюштуруучусунун аталышы;
- иш жүзүндөгү дарегин жана телефон номерлерин көрсөтүү менен Конкурстун Катышуучусунун аталышы;
- Конкурстун предметинин аталышы;
- конверттерди ачуу убактысын жана күнүн көрсөтүү менен «**ЧЕЙИН АЧПАГЫЛА»** деген сөздөр.

3.11. Конкурска катышуу үчүн документтер, ошондой эле Катышуучулар тарабынан берилген документтерге өзгөртүүлөр жана толуктоолор табыштамаларды берүү мөөнөтү аяктагандан кийин кабыл алынбайт. тапшырылган документтер кайтарылбайт жана «Кыргызалтын» ААКда сакталат.

4. Конкурстун Жеңүүчүсү менен биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө Макулдашуунун шарттары жана (Жөнөкөй шериктештик Келишимин) түзүү.

4.1. «Кыргызалтын» ААК жана Конкурстун жеңүүчүсү биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө макулдашууну (Жөнөкөй шериктештик келишими) түзүшөт, анда ушул Шарттардын жана Конкурстун жеңүүчүсүнүн конкурстук табыштамасынын негизинде Терек-Сай калдык сактоочу жайды иштетүү (кайра иштетүү) боюнча жөнөкөй шериктештикке катышуу шарттары жана үлүштөрдүн өлчөмдөрү жана башка шарттар көрсөтүлөт;

4.2. Конкурстун жеңүүчүсү конкурстук арызда сунушталган, «Кыргызалтын» ААКсынын үлүшүн эске алуу менен, ушул Шарттардын 4.5-пунктунда көрсөтүлгөндөн төмөн эмес өлчөмдөгү үлүш менен жөнөкөй шериктештикке толук укуктуу Катышуучу болуп калат.

4.3. Конкурстун Жеңүүчүсү Терек-Сай калдык сактоочу жайды кайра иштетүүнү толугу менен өздүк каражаттардын эсебинен каржылоого милдеттенет.

4.4. Сынактын жеңүүчүсү тарабынан жөнөкөй шериктештикке киргизилүүчү каржылоо суммасы жеке каражаттардан болушу керек жана ал «Кыргызалтын» ААК же Жөнөкөй шериктештик тарабынан кайтарылып берилбейт.

4.5. «Кыргызалтын» ААКтын үлүшү Жөнөкөй шериктештикте 30%дан төмөн болбойт же конкурстук табыштама берүүдө конкурстун катышуучусу тарабынан сунушталган үлүштөн төмөн болбоого тийиш.

4.6. Лицензиялык участокторду иштетүү (кайра иштетүү) боюнча маселелер биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө Макулдашуу менен (Жөнөкөй шериктештик келишими менен) жөнгө салынат.

4.7. Конкурстун жеңүүчүсү үчүн милдеттүү болгон жана биргелешкен иш жөнүндө макулдашууга (Жөнөкөй шериктештик келишимине) сөзсүз киргизилиши керек болгон өзгөчө шарттар:

4.7.1. Конкурстун Жеңүүчүсү төмөнкү талаптарды так аткарууга милдеттенет:

- калдык сактоочу жайды иштетүүнүн (кайра иштетүүнүн) мөөнөттөрү боюнча;
- АЫФтын жана инфратүзүмүн башка объекттеринин курулушун аяктоо мөөнөттөрү боюнча;
- калдык сактоочу жайдын аймагында физикалык коргоо режимин сактоону камсыз кылуу.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, ушул шарттарда жана биргелешкен иш жөнүндө макулдашууда (Жөнөкөй шериктештик келишиминде) каралган толук жоопкерчиликти, жөнөкөй шериктештиктин Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдерин бузгандыгы үчүн, анын ичинде экологиялык зыяндын ордун толтуруу, кесепеттерин жоюуга кеткен чыгымдар, ошондой эле ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан салынган бардык айыптарды жана санкцияларды төлөө үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат.

- Конкурстун Жеңүүчүсү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары тарабынан айып пул салуудан, санкциялоодон же жоопкерчилик чарасынан улам келип чыккан бардык документтер менен тастыкталган зыяндарды,чыгымдарды жана чыгашаларды ошондой эле экологиялык зыяндын ордун толтуруу же анын кесепеттерин жоюу жөнүндө талаптарды, эгерде алар жөнөкөй шериктештиктин (анын мүчөлөрүнүн) Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемдерин, конкурстун шарттарын же жөнөкөй шериктештик келишимин бузуудан келип чыккан кесепети болсо, «Кыргызалтын» ААКна толуктап берет.

Конкурстун жеңүүчүсү тарабынан көрсөтүлгөн талаптар аткарылбаган учурда, биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө макулдашууда («Жөнөкөй шериктештик жөнүндө келишим») санкциялар (айып пулдар, «Кыргызалтын» ААК тарабынан биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө макулдашууну каржылоо суммасын жана башка чыгымдарды төлөбөстөн бир тараптуу бузуу) каралган.

4.7.2. Кызматташуу жөнүндө макулдашууга (Жөнөкөй шериктештик келишимине) кол коюлган күндөн тартып 2 айдан кечиктирбестен «Кыргызалтын» ААКна социалдык пакеттин программасын даярдоо жана берүү.

4.7.3. Терек-Сай калдык сактоочу жайды иштетүү (кайра иштетүү) боюнча техникалык долбоорго ылайык зарыл болгон инфратүзумдүк объекттеринин курулуштарын жүргүзүү.

4.7.4 Ишмердүүлүктүн алкагында ачыктыкты, айкындуулукту камсыз кылуу жана социалдык жоопкерчиликти калыптандыруу максатында калк арасында үзгүлтүксүз негизде коомдук угууларды жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

4.7.5 Инфратүзүмдүк объектилерди куруу мезгилинде, анын ичинде подряддык жана субподряддык мекемелерге КР мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын жарандарынын арасынан адистерди тартуу.

4.7.6. Жөнөкөй шериктештик үчүн жумуштарды жана кызматтарды көрсөтүүдө «Кыргызалтын» ААКтын бардык филиалдарынын жана туунду ишканаларынын артыкчылыктуу укугу боюнча шарттарды кабыл алуу.

4.7.7. «Кыргызалтын» ААКтын «Аффинаждоо заводу» филиалында аффинаждалган алтын жана күмүш өндүрүү.

4.7.8. Кыргыз Республикасынын аймагында жөнөкөй шериктештиктин ишин камсыз кылуу үчүн керектүү товарларды (тавардык-материалдык баалуулуктарды), ошондой эле Кыргыз Республикасында өндүрүлбөгөн, аткарылбаган же көрсөтүлбөгөн товарларды, иштерди жана кызматтарды сатып алуулардан бөлөк, Кыргыз Республикасынын сапаты жана стандарттары боюнча талаптарга ылайык келген иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү, анын ичинде консультациялык иштерди сатып алуу.

4.7.9. Конкурстун жеңүүчүсү жумуштар башталганга чейин №5889АЕ лицензиясынын алкагында №3 калдык сактоочу жайда текшерүү иштерин жүргүзүүгө жана аткарылган текшерүү иштеринин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик балансына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө милдеттүү (МККнын 08.12.2017-жылдагы No 1213 протоколу).

4.7.10. Конкурстун жеңүүчүсү Келишим түзүлгөн күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде «Кыргызалтын» ААКтын эсептешүү бетине сумманы которуу жолу менен №5887АЕ, №5888АЕ, №5889АЕ Лицензияларына байланыштуу тарыхый чыгымдарды төлөп берүүгө милдеттүү.

4.7.11. Конкурстун жеңүүчүсү биргелешип иштөө жөнүндө Макулдашууга кол койгонго чейин "Кыргызалтын" ААКна юридикалык жак, анын уюштуруучулары, акыркы бенефициардык ээлери (UBO), жетекчилери, юридикалык жактын атынан иш-аракет кылууга укуктуу адамдар, ошондой эле Конкурстун жеңүүчүсүнүн ишине олуттуу таасир этүүчү байланыштуу тараптар жана компаниялар жөнүндө толук жана так маалымат берүүгө милдеттүү.

4.7.12. Конкурстун жеңүүчүсү жана анын уюштуруучулары, акыркы бенефициардык ээлери, жетекчилери, ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ошондой эле Конкурстун жеңүүчүсүнүн ишине олуттуу таасир этүүчү башка адамдар БУУнун, Европа Биримдигинин, Улуу Британиянын, Америка Кошмо Штаттарынын санкциялык режимдери жана башка колдонулуучу санкциялык режимдерди кошо алганда, "Кыргызалтын" ААКна, анын ишине же тиешелүү келишимге карата колдонулуучу санкцияларга жана башка тыюу салууларга же чектөөлөргө дуушар болбошу керек.

4.7.13. Сынактын жеңүүчүсү «Кыргызалтын» ААКтын талабы боюнча баалуу металлдардын жеткирүү чынжырынын тобокелдиктерин баалап чыгуу

жана алтын камтыган материалдын келип чыгышын тастыктоо, жеткирүүчүлөр, подрядчылар, ташуучулар, аффилирленген жактар жана жеткирүү чынжырынын башка катышуучулары жөнүндө маалыматтарды камтыган KYC/AML/CFT, санкциялык текшерүү процедураларын жүргүзүү үчүн зарыл болгон документтерди жана маалыматтарды берүүгө милдеттүү.

4.7.14 Туура эмес маалыматтарды берүү, акыркы бенефициардык ээлерин жашыруу, жасалма же номиналдык адамдарды колдонуу, санкциялык режимди бузуу, алтын камтылган материалдын мыйзамдуу келип чыгышын тастыктоо мүмкүн эместиги, АТ/ФТ (AML/CFT) талаптарынын олуттуу бузулушу же Конкурстун жеңүүчүсүнүн суралган маалыматтарды жана документтерди берүүдөн баш тартышы фактыларынын аныкталышы Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте милдеттенмелердин аткарылышын токтотууга жана/же Биргелешип иштөө жөнүндө макулдашууну бир тараптуу бузууга негиз болуп саналат.

4.7.15 Конкурстун жеңүүчүсү "Кыргызалтын" ААКтын алдын ала жазуу жүзүндөгү макулдугусуз өз укуктарын жана милдеттерин Үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө, ээлик кылуу түзүмүн, акыркы бенефициардык ээлерин өзгөртүүгө же юридикалык жактын көзөмөлдөөсүн өткөрүп берүүгө укугу жок, эгерде мындай өзгөртүүлөр болсо, "Кыргызалтын" ААК тарабынан жүргүзүлгөн контрагентти текшерүүнүн жана тобокелдиктерди баалоонун натыйжаларына таасир этиши мүмкүн.

4.8. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка милдеттенмелер.

4.8.1. Конурстун жеңүүчүсү Терек-Сай калдык сатоочу жайды биргелешип кайра иштетүүдөн келип чыккан, анын ичинде алтын жана күмүштү сатууга байланыштуу/тийешелүү/ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген бардык милдеттүү салыктарды, жыйымдарды, чегерүүлөрдү, камсыздандыруу жана башка милдеттүү төлөмдөрдү өзүнүн эсебинен толук көлөмдө жана өз убагында төлөөгө милдеттүү.

4.8.2. Конкурстун жеңүүчүсү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына ылайык Жөнөкөй шериктештиктин бухгалтердик эсебин тийиштүү жүргүзүү үчүн жоопкерчиликти алат.

4.8.3. Конкурстун жеңүүчүсүнө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 23-августундагы №472 токтому менен бекитилген Уставдык капиталына мамлекеттин катышуусунун үчтөн экисинен кем эмес үлүшүнө ээ болгон мамлекеттик ишканалар жана чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан берилген жер казынасын пайдалануу укуктарын ишке ашыруу боюнча инвесторлор менен жөнөкөй шериктештикти жүргүзүү шарттары жөнүндө жобонун 12-пунктуна ылайык, «Кыргызалтын» ААКтан

биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө келишимдин долбоорун алган күндөн тартып биргелешкен ишти жүргүзүү жөнүндө макулдашууга (Жөнөкөй шериктик келишимин) кол коюуга 10 (он) календардык күн берилет.

4.9. «Кыргызалтын» ААК ушул Шарттардын 4.8.2.пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө Макулдашууга (Жөнөкөй шериктештик келишимине) кол коюу мүмкүн болбогон учурда, төмөнкү укуктарды өзүнө калтырат:

4.9.1. Конкурстун жеңүүчүсү менен сүйлөшүүлөрдү улантуу жана ушул Шарттардын жана Конкурстун жеңүүчүсүнүн конкурстук табыштамасын негизинде жөнөкөй шериктештик жөнүндө макулдашууну түзүү;

4.9.2. Конкурстун жеңүүчүсү менен биргелешип иштөө жөнүндө макулдашууну (Жөнөкөй шериктештик келишимин) түзүү процесси токтотулат жана Конкурстун жеңүүчүсү жөнөкөй шериктештикке катышуу укугунан ажыратылды деп таанылат.

4.10. Конкурстун жеңүүчүсү ушул Шарттардын 4.9.2-пунктуна ылайык жөнөкөй шериктештикке катышуу укугунан ажыратылды деп таанылган учурда, «Кыргызалтын» ААК конкурстук комиссиянын протоколунун негизинде упайлардын саны боюнча Конкурстун жеңүүчүсүнөн кийинки талапкер менен биргелешип иштөө жөнүндө макулдашууну (Жөнөкөй шериктештик келишимин) түзөт.

Андыктан, упайлардын саны боюнча Конкурстун жеңүүчүсүнөн кийинки талапкер мурда берилген табыштаманын шарттарын өзгөртүүгө укугу жок жана кийинки талапкерди конкурстун жеңүүчүсү деп тааныу жөнүндө протоколго кол коюлган күндөн тартып 10 (он) календардык күндүн ичинде берилген табыштаманын шарттарында биргелешип иштөө жөнүндө макулдашууга (жөнөкөй шериктештик келишимине) кол коёт.

Арыздын шарттары өзгөргөндө же биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө макулдашууга (Жөнөкөй шериктештик келишимине) кол коюудан баш тартканда Конкурстук табыштаманын кепилдиги (мындан ары –КТК) кайтарылбайт.

4.11. Жөнөкөй шериктештиктин рентабелдүүлүгү үчүн жетиштүү көлөмдөгү пайдалуу кендердин запасы тастыкталбаган учурда, Жөнөкөй шериктештиктин Катышуучулары бири-бирине доомат коюшпайт жана өздөрү кошкон салымдардын чегинде тобокелдиктерди көтөрүшөт.

4.12. Конкурстун Жеңүүчүсү берилген конкурстук өтүнмө боюнча алган милдеттенмелерин жана/же 4-бөлүмдө белгиленген конкурсту өткөрүү шарттарын жана/же Биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө макулдашууну (Жөнөкөй шериктик келишимин) аткарбаган же тийиштүү түрдө аткарбаган учурда, «Кыргызалтын» ААК биргелешкен ишкердүүлүк боюнча киргизилген

каражаттарды (акчалай жана материалдык) кайтарып бербестен, Конкурстун жеңүүчүсүнүн дарегине жазуу жүзүндө билдирүү жөнөтүү жолу менен Биргелешүү ишмердүүлүгү жөнүндө келишимди (Жөн жөнөкөй шериктештик жөнүндө келишимди) бир тараптуу тартипте бузуу укугун өзүнө калтырат.

5. Конкурстук табыштамага карата талаптар

5.1. Конкурстук өтүнмө ушул Шарттардын 3-бөлүмүндө көрсөтүлгөн бардык тиешелүү документтер менен мамлекеттик же расмий тилдерде, кагаз жана электрондук түрдө (USB флеш-сактагычтардагы сканерден өткөрүлгөн версиялары) берилет жана төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

5.1.1. Каржылоонун болжолдуу суммалары (жылдар боюнча бөлүштүрүү менен, биргелешип иштөө үчүн башка жактан карыз албастан өздүк каражаттардын өлчөмү);

5.1.2. Жөнөкөй шериктештикке катышуу үлүшүнүн өлчөмү жөнүндө сунуш;

5.1.3. Лицензиялык участоктордо каржылоо программасы жана жылдык иштердин көлөмү;

5.1.4. Өндүрүштүк комплексти куруу жана/же башка тоо-кен ишканаларында калдык сактоочу жайды кайра иштетүү боюнча сунуш;

5.1.5. Өнөр жайлык, экологиялык коопсуздукту, жер казынасын коргоону жана пайдалуу кендерди сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу боюнча иш чаралардын комплекси;

5.1.6. Өндүрүштүк комплексти пайдаланууга берүү же башка өндүрүштүк комплекстерде кайра иштетүүнү баштоонун мөөнөтү;

5.1.7. Социалдык пакеттин программасы боюнча сунуш; 5.1.8. Кыргыз Республикасынын жарандарына берилүүчү жумуш орундарынын саны жөнүндө сунуш;

5.1.9. Калдык сактоочу жайды иштетүү (кайра иштетүү) боюнча жумуштарга сарпталуучу чыгымдардын сметасы;

5.1.10. Калдык сактоочу жайды иштетүү (кайрадан иштетүү) боюнча жумуштарды баштоо мөөнөттөрү.

5.1.11. Конкурстук табыштама «Кыргызалтын» ААКтын ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган кошумча сунуштарды камтышы мүмкүн. Мындай сунуштар конкурстун милдеттүү шарттарынан тышкары катышуучунун демилгелерин камтып, өндүрүштүк кубаттуулуктарды кеңейтүүгө, инфратүзүмдү өнүктүрүүгө же «Кыргызалтын» ААКтын ишмердүүлүгүнүн жаңы багыттарын өздөштүрүүгө көмөктөшүшү мүмкүн

(мисалы, металлургиялык завод, лабораториялар жана башка объектилерди куруу).

6. Кепилдик төгүмдү жана катышуу үчүн жыйымды төлөөнүн тартиби, мөөнөттөрү жана өлчөмдөрү

6.1. Конкурстун Катышуучулары Конкурстун шарттарынын аткарылышын камсыз кылуу максатында 1 000 000 (Бир миллион) сом өлчөмүндө КТК төгүшөт.

6.2. Конкурстун Катышуучулары Конкурска катышуу үчүн 100 000 (Жүз миң) сом өлчөмүндө жыйым төлөшөт, ал кайтарылбаган төлөм болуп саналат жана Конкурстун жыйынтыктарынан көз каранды эмес.

6.3. Конкурска катышуу үчүн жыйым «Кыргызалтын» ААКтын Конкурсту өткөрүүгө кеткен бардык чыгымдарын жабууга багытталган жана Катышуучу тарабынан милдеттүү түрдө төлөнүүгө тийиш. Жыйымды, ошондой эле КТК өткөзүү үчүн төлөмдү төлөө конкурстук документтерде көрсөтүлгөн «Кыргызалтын» ААКтын эсептешүү эсебине накталай эмес түрдө которуу жолу менен Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы – кыргыз сому менен гана жүргүзүлөт.

6.4. Конкурстун Жеңүүчүсү менен Макулдашууга кол коюлгандан кийин КТК суммасы, эгерде төмөнкү учурларда төлөм жүргүзүлгөн валютада жана ошол эле өлчөмдө Конкурстун Катышуучусунун эсебине 10 (он) жумушчу күндүн ичинде кайтарылып берилет, эгерде:

6.4.1. Катышуучу Конкурстун Жеңүүчүсү деп таанылбаса; 6.4.2. Катышуучу конкурстук комиссия тарабынан конверттер ачылганга чейин өзүнүн конкурстук табыштамасын кайтарып алса;

6.5. Төмөнкү учурларда КТК кайтарылбайт:

6.5.1. Катышуучу конкурстук комиссия тарабынан табыштама ачылган жана каралган күндөн кийин, Конкурстук комиссия Конкурстун Жеңүүчүсүн аныктоо жөнүндө чечим кабыл алганга чейин өзүнүн конкурстук табыштамасын кайтарып алса;

6.5.2. Конкурстун Жеңүүчүсү деп таанылган Катышуучу конкурстун жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартса, анда «Кыргызалтын» ААК менен Жөнөкөй шериктештикке Катышуучу катары Жеңүүчү деген укугун жоготот.

6.5.3. Конкурстун Жеңүүчүсү төмөнкү учурларда ушул Шарттардын 4.9.2.пунктуна ылайык, Жөнөкөй шериктештикке катышуу укугун жоготот, эгерде:

6.5.3.1. Конкурстун Жеңүүчүсү ушул Шарттардын жана конкурстук табыштаманын шарттарынын талаптарына ылайык түзүлгөн биргелешип

иштөө жөнүндө Макулдашууну (Жөнөкөй шериктештик келишими) түзүү боюнча милдеттенмелерди талаптагыдай аткарбаса;

6.5.3.2. Жеңүүчүдөн кийинки эң көп упай алган Катышуучу ушул Шарттардын 4.12. пунктуна ылайык, биргелешип иштөө жөнүндө Макулдашууну (Жөнөкөй шериктештик келишимин) түзүүдөн баш тартса;

6.6. Конкурстун Жеңүүчүсүнүн КТК биргелешкен Жөнөкөй шериктештик жөнүндө Макулдашууга кол коюлгандан кийин «Кыргызалтын» ААК тарабынан конкурстун жеңүүчүсүнүн уставдык капиталга кошкон салымы катары Жөнөкөй шериктештиктин эсептешүү эсебине которулат.

6.7. Ушул Шарттардын 6.5-пунктунда көрсөтүлгөн учурларда Конкурска катышууга КТК суммасын кайтарбоо жөнүндө чечим Конкурстук комиссия тарабынан кабыл алынат, протоколго жазылат жана Конкурстук комиссиянын отурумунда бекитилет.

6.8. КТК жана Конкурска катышуу үчүн жыйым Конкурстун катышуучулары тарабынан төмөнкү реквизиттер боюнча «Кыргызалтын» ААКтын эсептешүү бетине улуттук валютада (сом менен) акча каражаттарын которуу жолу менен гана төгүлөт:

«Кыргызалтын» ААК
ИНН: 02403199310039
Сомдорду чегерүү үчүн Банк:
«Элдик Банк» ААК
э\б. №1299003150020758
БИК: 129001

7. Конкурстук комиссия

7.1. Конкурстук комиссиянын курамы «Кыргызалтын» ААКнын буйругу менен аныкталат.

7.2. Конкурстук комиссиянын функцияларына конкурстук табыштамаларды кароо, аларды баалоо жана Конкурстун Жеңүүчүсүн жана андан кийин турган Катышуучуну тандоо кирет.

7.3. Документтери бар конверттерди ачуу, документтерди кабыл алуу конкурстук комиссия тарабынан мөөнөтү аяктагандан кийинки күндөн кечиктирбестен жүргүзүлөт жана протокол менен таризделет, анда Конкурстун Катышуучуларынын аталыштары жана даректери, алар тарабынан берилген документтердин беттеринин саны көрсөтүлөт.

Конкурстун Катышуучулары чапталган конверттерди ачууга катышууга милдеттүү. Конкурстун Катышуучулары өз программасын тартуулашат жана тартуулоо учурунда конкурстук комиссиянын мүчөлөрүндө пайда болгон суроолорго түшүндүрмө беришет (ар бир конкурсантка программаны тартуулоого жана коргоого 1 (бир) саатка чейин убакыт берилет).

7.4. Конкурстук комиссия табыштамаларды кабыл алуу мөөнөтү аяктагандан кийинки жумушчу күндөн кечиктирбестен Конкурстун катышуучуларынын сунуштарын карайт, өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыктары боюнча упайларды эсептөө протоколдорун тариздейт жана протоколдордун негизинде Конкурстун Жеңүүчүсү жана эң көп упай алган андан кийинки Катышуучу жөнүндө чечим чыгарат.

7.5. Конкурстун Катышуучулары тарабынан берилген документтерди кароодо Конкурстук комиссия Конкурстун Катышуучусунун ыйгарым укуктуу өкүлүн берилген документтерге карата кошумча түшүндүрмөлөрдү берүү үчүн чакырууга укуктуу.

7.6. Конкурстук комиссиянын чечими Жөнөкөй шериктештикке катышуу үчүн Конкурстун Жеңүүчүсү менен Жөнөкөй шериктештик жөнүндө Макулдашууга кол коюу үчүн негиз болуп саналат.

8. Конкурстун Жеңүүчүсүн аныктоо

8.1. Конкурстун Жеңүүчүсү долбоорду ишке ашыруу үчүн критерийдин маанилүүлүгүнүн пайызын эске алуу менен берилген документтерди жана маалыматты төмөнкү критерийлер боюнча 5 (беш) упайдык система боюнча кароонун жана баалоонун жыйынтыктары боюнча аныкталат:

№	Критерийдин аталыштары	Упайлар	Критерийдин пайызы
1	Лицензиялык участокторду иштеп чыгууга үчүнчү тараптын уюмдарынан же банктардан карыз албастан өздүк каражаттардын эсебинен салымдын (долбоорду каржылоонун) өлчөмү	Ар бир 10 млн. АКШ доллары үчүн 1 упайга көбөйөт	24%
2	Берилген программага ылайык жергиликтүү калк үчүн түзүлүүчү жумуш орундарынын саны	Ар бир 10 адамга 1 упайдан	1%

3	Калдык сактоочу жайдын иштетүү (кайра иштетүү) боюнча жумуштарды баштоо мөөнөттөрү	18 айга чейин – 5 упай, ар бир кийинки ай үчүн баа 1 упайга азаят	24%
4	Тоо-кен казып алуу тармагындагы иш тажырыйбасы.	3 жылдан (3, 5, 7, 10, 12+) жогору иш тажрыйбасынын болушу үчүн 1 упайдан кошулат	10%
5	Жөнөкөй шериктештикке катышуу үлүшүн бөлүштүрүү («Кыргызалтын» ААКнын үлүшү 30%дан кем болбошу керек)	«Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун жөнөкөй шериктештиктеги ар бир 5% үлүшү үчүн кошумча 1 упайга көбөйтүлөт.	35%
6	Социалдык пакеттин шарттары (жылына млн. сом)	5 млн. сомго чейин - 1 упай, 8 млн. сомго чейин - 2 упай 10 млн. сомго чейин - 3 упай 12 млн. сомго чейин - 4 упай 15 млн. сомдон жогору - 5 упай	1%
7.	«Кыргызалтын» ААКтын ишин өнүктүрүүгө багытталган кошумча сунуштар («Кыргызалтын» ААКтын өндүрүштүк кубаттуулугун, инфратүзүмүн же ишмердүүлүгүнүн жаңы багыттарын өнүктүрүүгө көмөктөшө турган конкурстун милдеттүү шарттарынан тышкары катышуучунун демилгелерин камтыйт («металлургиялык завод, лабораториялар жана башка объектилерди куруу сыяктуу»).	Сунуштардын маанилүүлүгүнө, экономикалык максатка ылайыктуулугуна жана ишке ашырылышына жараша упайлардын саны 1 упайга көбөйөт.	5%

8.2. Конкурстук комиссиянын ар бир мүчөсү ар бир критерий боюнча упайларды жана Конкурстун ар бир Катышуучусу үчүн упайлардын жалпы суммасын көрсөтүү менен упайларды эсептөөнүн жеке протоколун түзөт. Упайларды эсептөөнүн жыйынтыктоочу протоколунда конкурстук

комиссиянын бардык мүчөлөрүнүн баалоосунун негизинде орточо упайдар аныкталат. Көрсөтүлгөн орточо упайлардын негизинде конкурстук комиссия эң көп упай алган Конкурстун Жеңүүчүсү жөнүндө чечим кабыл алат.

8.3. Эң көп упай алган Катышуучу Конкурстун Жеңүүчүсү деп таанылат. Эки же андан көп Катышуучунун орточо упайы тең болгон учурда конкурстук комиссиянын Төрагасы ачык добуш берүү жол-жобосун дайындайт. Добуш берүү ар бир Катышуучу боюнча өз-өзүнчө өткөрүлөт жана протокол менен таризделет. Мында комиссиянын ар бир мүчөсү өз добушун бир гана Катышуучуга берүүгө укуктуу. Эң көп добуш алган Катышуучу Конкурстун жеңүүчү деп таанылат. Комиссиянын мүчөлөрү добуш берүүгө катышуудан баш тартууга укуксуз.

8.4. Конкурстук комиссиянын Конкурстун Жеңүүчүсү жана Жеңүүчүдөн кийинки Катышуучу жөнүндө чечими өзүнчө протоколдор менен таризделет, аларга конкурстук комиссиянын бардык мүчөлөрү, Конкурстун Жеңүүчүсү жана Конкурстун Жеңүүчүсүнөн кийинки деп таанылган Катышуучу кол коёт, конкурстук комиссиянын жыйынында жарыяланат.

8.5. Талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарына ылайык чечилет.

9. Купуялуулукту сактоо жана коррупциялык аракеттерден (кара ниет аракеттерден) качуу

9.1. Конкурстук комиссиянын мүчөлөрү, ошондой эле табыштамаларды кароого, баалоого жана салыштырууга карата маалымат жеткиликтүү болуп калган кызмат адамдары Конкурсту өткөрүү мезгилинде көрсөтүлгөн маалыматтарды Катышуучуларга же табыштамаларды кароого расмий катышпаган башка жактарга жайылтышпайт.

9.2. Конкурстун Катышуучулары ушул Шарттардын № 1 формасы боюнча коррупциялык аракеттерден карманууу жана купуялуулук жөнүндө маалыматтарды жайылтпоо жөнүндө милдеттенме алышат.

10. Конкурсту өтпөй калды деп таануу

10.1. Арыздарды кабыл алуу мөөнөтү аяктагандан кийин конкурска катышуу үчүн арыздар жок болсо же бир дагы талапкер конкурстун талаптарына жооп бербесе, Конкурс конкурстук комиссиянын протоколдук чечиминин негизинде конкурс өтпөй калды деп таанылат.

Маалымат алуу үчүн телефондор:
(+996 312 66 67 00, +996 312 66 66 70).

«Терек-Сай калдык сактоочу жайды” иштетүүдө (кайра иштетүү) биргелешип иштөө үчүн сынакты өткөрүүнүн Шарттарына карата № 1 форма

МИЛДЕТТЕНМЕ

Ушул Конкурска катышуучу Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдарынын төмөнкү талаптарын сактоого жана камсыз кылууга милдеттенет:

Конкурска катышуу учурунда Катышуучу жана анын бирөөнүн атын жамынган ортомчу адамдары, кызматкерлери же ортомчулары түздөн-түз же кыйыр түрдө сынактык комиссиянын мүчөлөрүнө, «Кыргызалтын» ААКтын Башкармасынын, Директорлор кеңешинин мүчөлөрү, кызмат адамдарына материалдык, башка пайдаларды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз алуу максатында бул адамдардын иш-аракеттерине же чечимдерине таасир этүү үчүн кандайдыр бир акчалай каражаттарды же баалуулуктарды төлөбөйт, төлөөнү сунуштабайт жана төлөп берүүгө уруксат бербейт.

Катышуучу жана анын бирөөнүн атын жамынган адамдары, кызматкерлери же ортомчулары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен пара берүү/алуу, коммерциялык пара алуу катары квалификацияланган аракеттерди, ошондой эле бул адамдардын материалдык, ар кандай башка артыкчылыктарды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз алуу максатындагы аракеттерди же чечимдерин жүзөгө ашырбайт.

Катышуучуда ушул милдеттенменин кандайдыр бир жоболорунун бузулушу болгон же болушу мүмкүн деп шек туудурган учурда, катышуучу бул тууралуу Сынактын уюштуруучусуна жазуу түрүндө кабарлоого милдеттенме алат.

Жазуу жүзүндөгү билдирүүдө Катышуучу башка катышуучулардын, алардын бирөөнүн атын жамынган адамдарынын, кызматкерлеринин же ортомчуларынын ушул милдеттенменин кандайдыр бир жоболорун бузгандыгын же бузушу мүмкүндүгүн далилдеген фактыларга шилтеме берүүгө же материалдарды берүүгө милдеттүү. Бул иш-аракеттер тиешелүү мыйзамдарда пара берүү же алуу, коммерциялык пара алуу катары квалификацияланган иш-аракеттерге, ошондой эле колдонулуучу мыйзамдардын жана кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди адалдаштырууга каршы күрөшүү боюнча эл аралык актылардын талаптарын бузган иш-чараларга кирет.

Катышуучу тарабынан Конкурсту өткөрүү процессинде алынган маалымат купуя болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коргоо режими менен камсыздалат. Алынган маалымат Катышуучу тарабынан сынактык табыштаманы берүү максатында гана колдонулушу мүмкүн. Алынган маалыматты башка максаттарда пайдалануу же аны үчүнчү тарапка берүү Конкурсту уюштуруучусунун, маалыматты берген тараптын жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана мүмкүн.

Кол тамгасы_____

Аты-жөнү. _____

Кызматы _____

Айы, күнү _____

М.О.

Терек-Сай калдык сактоочу жайды иштетүү (кайра иштетүү) боюнча биргелешкен ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн сынакты өткөрүү Шарттарына карата № 2 форма

Компаниянын менчик ээлери жөнүндө маалымкат

1.Компаниянын толук аталышы.
2.Компаниянын юридикалык дареги (келип чыккан өлкөсү).
3.Мамлекеттик каттоо күнү жана орду.
4.Компаниянын менчик формасы (жеке же мамлекеттик).
5.Компаниянын менчик ээлери жөнүндө маалымат (акционерлер/компаниянын катышуучулары).
6.Компаниянын акцияларынын/катышуу үлүштөрүнүн 10% жана андан ашыгына ээ болгон башка компанияларды санап өтүңүз.

5 пункту боюнча:

№	Юр.жактын аталышы/ менчик ээсинин аты-жөнү	Катышуу үчүн	Юридикалык дареги / каттоо дареги	Тастыктоочу документтери тууралуу маалымат

6 пункту боюнча:

№	юр.жактын аталышы / менчик ээсинин аты-жөнү	Катышуу үчүн	Юридикалык дареги / каттоо дареги	Тастыктоочу документтери тууралуу маалымат

Компания маалымкатта көрсөтүлгөн маалыматтардын жана маалымкаттын так, толук жана ишенимдүү экендигине кепилдик берет.

Кол тамгасы_____

Аты-жөнү.

_____

Кызматы _____

Айы, күнү

_____

М.О.

Терек-Сай калдык сактоочу жайды иштетүү (кайра иштетүү) боюнча биргелешкен ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн сынакты өткөрүү Шарттарына карата № 3 форма

Сынакка катышуу үчүн арыз

Мен, _____

Аты-жөнү

_____

(өздүгүн тастыктоочу документ, серия, номер, берилген күнү)

_____

_____

_____

_____

_____ _____атынан чыгып,

(Толук аталышы, каттоо номери, айы-күнү жана каттаган орган, жареги, юр.жактын банктык реквизиттери)

_____ негизинде (ишеним кат, Уставдын)

Мен Бишкек шаары, Абдымомунов көчөсү, 195 дареги боюнча 2025-жылдын «_____» _____ өткөрүлө турган Лицензиялык аянттарда биргелешкен ишмердүүлүк боюнча сынакка катышууга ниетимди билдирем.

1. Сынакка катышууга ниет кылып, Сынактык табыштаманын кепилдик милдеттенмеси жана сынакка катышуу үчүн мен тараптан _____ (_____) сом өлчөмүндө жыйым төлөндү.
2. Ушул арызга кол коюу менен Катышуучу Лицензиялык аянттарда биргелешкен ишмердүүлүккө катышуу боюнча сынакты өткөрүү шарттарында жана сынактын жеңүүчүсүн аныктоо критерийлеринде баяндалган бардык шарттарды түшүнөт, макул болот жана кабыл алат жана алардын аткарылышына кепилдик берет.

Лицензиялык аянттар боюнча кыскача геологиялык жана башка маалыматтардын топтому мен_____ тарабынан алынды.

Арыз ээсинин (ыйгарым укуктуу жактын) колу _____

Айы күнү_____

Терек-Сай калдык сактоочу жайды иштетүү (кайра иштетүү) боюнча биргелешкен ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн сынакты өткөрүү Шарттарына карата № 4 форма

МИЛДЕТТЕНМЕ

Мен, _____

Аты-жөнү

_____

(өздүгүн тастыктоочу документ, серия, номер, берилген күнү)

_____

_____

_____

_____

_____ _____атынан чыгып,

(Толук аталышы, каттоо номери, айы-күнү жана каттаган орган, жареги, юр.жактын банктык реквизиттери)

_____ негизинде (ишеним кат, Уставдын)

1. Мен тендерге катышууга арызымды тапшырардан мурун, тендердин шарттары жана эрежелери, "Кыргызалтын" ААКсынын баалуу металлдарды жоопкерчиликтүү булактардан алуу саясаты, ошондой эле KYC, AML/CFT, санкцияларды сактоо жана баалуу металлдарды жеткирүү чынжырына карата башка тиешелүү талаптар (анын ичинде баалуу металлдарды жеткирүү чынжыры үчүн интеграцияланган башкаруу системасынын саясаты, баалуу металлдарды жеткирүү чынжырынын тобокелдиктерин баалоо боюнча көрсөтмө жана "Кыргызалтын" ААКсынын экологиялык саясаты) менен таанышып чыкканымды ырастайм. Эгерде мен тендердин жеңүүчүсү деп жарыялансам, бул талаптарды аткарууга милдеттенем.

2. Мен, Келишим түзүлгөнгө чейин көрсөтүлгөн талаптар бузулган учурда, "Кыргызалтын" ААКы Келишимди түзүүдөн баш тартууга укуктуу экенин, ал эми Келишимдин колдонуу мөөнөтүнүн ичинде мындай бузуу орун алган учурда, белгиленген тартипке ылайык Келишимди бузууга укуктуу экенин ырастайм.

Арыз ээсинин (ыйгарым укуктуу өкүлдүн) колу: _____

_____ **Күнү:** _____